DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Байженова Г. Жороева Э.С.*

## XIX КЫЛЫМДАГЫ БЕЛГИЛҮҮ ТАРЫХЫЙ ИНСАНДАР АЛЫМБЕК ДАТКА МЕНЕН КУРМАНЖАН ДАТКАНЫН ӨРНӨКТҮҮ ӨМҮР ЖОЛДОРУ

*Байженова Г. Жороева Э.С.*

## ОБРАЗЦОВЫЕ ПУТИ ЖИЗНИ ЗНАМЕНИТЫХ ИСТОРИЧЕСКИХ ЛИЧНОСТЕЙ XIX ВЕКА АЛЫМБЕК ДАТКИ И КУРМАНЖАН ДАТКИ

*G. Baijenova, E. Joroeva*

## EXEMPLARY WAYS OF LIFE OF FAMOUS HISTORICAL FIGURES OF THE XIX CENTURY ALYMBEK DATKA AND KURMANZHAN DATKA

*УДК: 9.93*

*Бул макалада XIX кылымдагы кыргыз элинин чыгаан тарыхый инсандары Алымбек датка жана Курманжан даткалардын ишмердүүлүгү өрнөктүү өмүр жолдору ыр жүзүндө берилди. Алай өрөөнүнөн чыккан даткалар элин жерин сактап калуу максатында өлүмгө башын сайып патриоттук сезим менен намысты бекем кармашкан. Душманга колунда ок, даары курамы жок болсо, элиме бүлүк салып, душманга жеримди тебелетпейм деп биринчи оорунга элин жерин коюп алардын камын ойлошкон. Баласы Камчыбекке жалган жалаа жабылып, дарга асканда Курманжан датка "өлүмгө тике кара" артында кыргыз элиң турат деп дем берген. Бирок, ичинен кан өтүп, көзүнөн жашы төгүлүп турса да элине көзүнүн жашын көрсөтпөй атына камчыны салып үйүнө кеткен дейт. Ошентип кайратынан кайтпаган аял болсо, даткасы Алымбектин ишин колуна алып датка, балам үчүн деп элин жерин душманга атырбай, душманга бастырбай эл камын көргөн датка болгон. Ошентип, 29жыл бирге жашашып беш балалуу болушкан. Булардын өрнөктүү өмүр жолдору тарыхта калып, кийинкилерге сабак болуп калган.*

***Негизги сөздөр:*** *кайраттуу, патриот, сабырдуу, эл башкарган, боорукер, кичи пейил, сыпайы, айбаттуу, коркпогон.*

*В этой статье прослеживается деятельность выдающихся исторических личностей кыргызского народа XIX века Алымбека Датки и Курманжан Датки. Их исторический жизненный путь, их деятельность в патриотизме сложена в песне. Датки из Алайской долины боролись за честь и чувство патриотизма с целью спасти свой народ. Их сын Камчыбек был ложно обвинен и когда его хотели повесить Курманжан датка сказала: «смотри прямо на смерть» позади твой кыргызский народ. Но, несмотря на пролитую кровь и слезы, она не показывала людям своих слез и пошла домой с кнутом на лошади. Так что да, Датка была той женщиной, которая набралась смелости, чтобы взять дело Алымбека в свои руки, а не бросать свой народ врагу. 29 лет совместной жизни с Алымбеком даткой у них родились пятеро детей. Этот образцовый образ жизни, вошел в историю и стал уроком для будущего поколения.*

***Ключевые слова:*** *отважный, патриотичный, терпеливый, народный, добрый, кроткий, вежливый, грозный, бесстрашный.*

*This article traces the activities of outstanding historical figures of the Kyrgyz people of the XIX century, Alymbek Datka and Kurmanzhan Datka. Their historical life path, their activity in patriotism is composed in a song. Datki from the Alai Valley fought for honor and a sense of patriotism in order to save their people. Their son Kamchybek was falsely accused and when they wanted to hang him, Kurmanzhan Datka said: "look straight at death" behind your Kyrgyz people. But despite the blood and tears shed, she did not show people her tears and went home with a whip on a horse. So yes, Datka was the woman who plucked up the courage to take the case of Alymbek into her own hands, and not throw her people to the enemy. 29 years of living together with Alymbek Datka, they had five children. This exemplary lifestyle has gone down in history and has become a lesson for the future generation.*

***Key words:*** *brave, patriotic, patient, popular, kind, gentle, polite, formidable, fearless.*

Кыргызстандын Россияга каратылышынын тарыхый мааниси чоң:

– Кыргызстанды Англиянын же артта калган чыгыш мамлекеттеринин биринин басып алуу коркунучу жоюлган;

– Россиялык административдик саясий башкаруунун киргизилиши менен уруу башчыларынын укумдан-тукумга өткөн катал бийлиги өз таасирин жогото баштаган. Уруулар арасындагы кандуу кагаштар токтогон;

– Тоолуу аймактын экономикасынын өнүгүшүнө, капиталистик мамилелердин калыптанышына,-калктын санынын өсүшүнө жана социалдык жиктелишине өбөлгө түзүлгөн;

– Калктын отурукташуусу тездеген, айыл-кыштактар, шаарлар пайда болуп, чарбалар уюшулуп, базар мамилелерге ылайыкташа баштаган.

XIX кылымда Даткалардын басып өткөн татаал жолдорун кыргыз элине көрсөткөн камкордугун, эли-жери үчүн жан аябай иштеген мээнеткечтиги, алгачкы саясатчылар өрнөктүү өмүрлөрү, алардын ким экендигин аял киши үйдүн куту, балдардын энеси көчөгө чыгып эл башкарууга саясатка аралашууга болбойт деген түшүнүк болгон. Же болбосо «байтал жүгүрүп, байге албайт» дегендей. Бирок, ошол кездеги кыйын кезен элдин тагдыры өз жерин өзгөлөргө тебелетүүнү намыс көрүп, кутумчу бузукуларга карышы туруну, күрөшүүнү эл жерин коргоону жүрөгү менен туйуп милдети катары көрүшкөн. Бул эки датканын кыргыздан чыгышы Алай өрөөну эмес бут жумурай журтка аныз болуп эли-жери үчүн баштарын өлүмгө сайып, кыйын кезинде кандай болсо да элдин камын ойлоп милдети катары сезишкен. Алымбек Датка ошол мезгилде өз орду бар ишмердүүлүгү боюнча Ормон-ханга барабар, кокон хандыгынын ичинде кызмат кылуу менен ал эң негизги хандык башкаруу саясатында чечүүчү ролду ойногон.

Курманжан Кара-Суу районунун Мады кыштагында 1811-жылы «көптүн арасында, көчтүн карасында» жүргөн, аты белгисиз мунгуш уруусунун жапалак

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



уругунан Мамытбай деген карапайым адамдын үй-бүлөсүндө туулган. Жаштайынан тын, акыл-эси, ой-туюму башкалардан өзгөчө эле. Күйүмдүү калын журттун түйшүгүн ойлогон, жашоо шартына жакшы жагдайга ылайык таалим көргөн.

Айтылуу Алай деген жеринен,
Түпкүлүү кыргыз элинен.
Алымбек датка, Курманжан датка чыгыптыр,
Көп кыргыздын ичинен.

Мамытбайдын зайыбы кыз төрөдү,
Айыл-апа келди кызды көргөнү.
Жетине албай ата-энеси,
Топоздон тандап сойдуруп,
Бешик той деп белгилеп,
Кыздын атын Курманжан деп койдурду.
Эл чакырып, эт тартып,
Элин бешик тойго тойдурду.

Узун бойлуу, кымча бел,
Бойго жетти тез эле,
Мамытбайдын кызы улуусу.

Күндөр өттү тез эле,
Курманжан сулуу бойго жеткен кез эле,
Жуучулар келип туш-туштан,
Колун сурап турган кез эле.

Куманжан 18 жашка толгондо, анын карапайым үй-бүлөдөн чыкканына карабай колунда бар кошуна бий Туругул озү куда түшүп, баласы Кунсейитке алып берет. Эр деп эле этегин кармаган менен өмүрү текке өтөрүн сезген кыз салтка да карабай, себеби акыл-парасаты пас, эр көкүрөк деми жок Кунсейиттин «мал» болбосун сезген.

Курманжан тез эле күйөөсүн чанып, атасынын төрүнө келип калат. Ал убакта күйоосүнүн башын атташы эл оозуна алынып, жамандык эмес, эрдик катары «кыйын экен»дешип дүң кылышат. Курманжандын бул анызы ошол кездин таасирдүү адамы Алайдын беги Алымбек Даткага угулат. Алымбек Датка Курманжандын зиректигине, акылдуулугуна, сыпайы мүнөзүнө көзү түшүп, ага жуучу жиберет. Анда Курманжан Датка менин башым байлануу, никеден шарият боюнча ажыратмайынча сиз эмес, Кокон ханы да мага үйлөнө албайт» деп жоопберет. Ошондо Алымбек датка Курманжандын башын ачуу үчүн никедеги күйөөсү Кунсейитти чакырып ажырататда өзүнө нике окутат.

XIX к. 50-жж. башында Кокон хандыгынын саясий абалы өтө начарлап кеткен. Буга ордодогу ич ара чыр-чатактар, кайра-кайра кайталанган козголондор хандардын тез-тез алмашуусу себеп болгон. Мунун натыйжасында Россиянын Фергана өрөөнүн, Түштүк Кыргызстанды басып алышы жеңилдеген. Бул жылдары кыргыз эли жана анын билермандары Кокон хандыгынын саясий турмушуна мурдагыдай эле активдүү аралашып турган. Такты үчүн күрөшкөн ханзаадалар да кыргыз, кыпчак феодалдарына колдоо сурап кайрылып турган. Алсак, ханзада Малла бек Кудаяр хандан бийликти тартып алуу үчүн алайлык кыргыздардын билерманы Алымбек даткага (1799-1862-ж.ж) кайрылган. Натыйжада Малла бек Кудаяр хандын аскерлеринен айкашта жеңишке жетишип, бийликти өз колуна алган (1858-1862жж.). Малла бек өзүнө көмөк көрсөткөндүгү үчүн Алымбек датканы Анжиядын акими кылып дайындаган. Алымбек Мадали хандын тушунда эле Кокон хандыгынын саясий турмушуна аралашып 1831-ж. хандан алайлык кыргыздардын улугу-датка мансабын алган. Адыгине уруусунун баргы уругунан чыккан кадимки Ажы бийдин чөбөрөсү Алымбек датка өзүнүн акылмандыгы, эрдиги, калыстыгы жана намыскөйлүгү менен элине барктуу болгон. Ал кокондуктардын эзүүсүнө каршы элдик бир нече кыймылдарды жетектеген. Өзүнүн көрөгөчтүгү менен Алымбек датка түндүк кыргыздары менен алакасын узбой, чоң манаптар Ормонкан, Жантай, Жангарач, Үмөтаалы, Осмон менен карым-катнашта турган. Орустар Бишкек, Токмок чептерин алган соң, аларды кайра калыбына келтирүү үчүн келген Канатшаанын аскеринин курамында өз кошууну менен Алымбек датка да болгон. 1861-жылы ушакка ишенген хан Алымбек датканы өлүм жазасына буюрганда ал Алайга качып барып, Кокон хандыгына каршы көтөрүлүш уюштурган.

Бирок, көтөрүлүш жеңилип калган, Алымбек датка Теңир-Тоого ооп келип туруп калат. Аны жазалоого келген Кокон кошуунун бул жактагы кыргыздар талкалаган. 1862-жылдын башында хан сарайында кайрадан козголоң уюштурулуп, Малла хан өлтүрүлгөн. Бул жолу төңкөрүшкө активдүү катышкан Алымбек даткага вазир мансабы ыйгарылган. Бирок, көп өтпөй бул бийликти анын атандашы, кыпчак элинин билерманы Алымкул алган. Көп өтпөй учурунда Бухарага кире качкан Кудаяр хан Канаат-шаанын жана Бухара эмири Музафардын жардамы менен 1862-жылдын март айында карадан бийлике келет. Бирок ал бийликти Бухара эмирдигинин жардамы менен гана кармап турган. 1863-жылы бийликти мындан ары кармоого көзү жетпеген Кудаяр хан кайра Бухарага кетүүгө аргасыз болгон. Ушундан кийин Кокон хандыгындагы бийлик кыргыз, кыпчак төбөлдөрүнүн колуна өткөн.

Ошентип,1832-жылы эл тагдыры үчүн жоголгон асыл адамдардын тагдыры ушинтип биригип баш кошкон. Алымбек Датка менен 29 жыл жашап, 5 балалуу болушкан. Курманжан акылдуу аял катары огой баласы Жаркынбайды өз баласындай көргөн.

Сулууга кимдер кызыкпайт,
Акылдуусу, айкөлдүгү башкача.
Жуучулар келип шаштырат,
Көңүлү чаппай турса да.
Кошуна бийдин баласы,
Менменсинип турган кези эле.
Күнсейит жуучу жиберди,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Аны көңүлүнө албай турса да.
Анысына бирөө карайбы,
Ошентип кудалашты заматта.
Ызасы толуп ичине, айталбай бөтөн кишиге,
Же Курманжандын оюн сурайбы,
Тоюн берип, Курманжанды Күнсейит менен узатты.
Ызасы батпай ичине,
Тилин тиштеп тишине,
Тиргилигим болбойт, отум күйбөйт деп,
Кейинип турду ичинде,
Акылдуу жан, сезген белем,
Ал күйөөдөн кетип калды тез эле.
Андан кийин Алымбек Датка кеп угуп,
Курманжан бийке кайра келди деп угуп,
Бастырып келди Курманжандын айылына,
Байкап кеп салайын деп, келди тез эле.
Алымбек Датка Мунгуш уруусунун,
Баргы уругунун баласы.
Курманжанды уккандан бери,
Уктай албай, тынчыбайт анын санаасы.
Курманжанды аруулап-сыйлап азамат,
Аялдыкка алууга Курманжандын колун сурады.
Алымбек датка көргөндө эле сулууну,
Ичинен аруу жан экен, өзүмө теңдүү пар экен,
Кандай болсо да тезинен өзүмө,
Албасам болбойт деп ичинен ант берди.
Кудалар каада-салт менен келишти,
Салтты бузбастан тоюн беришти.
Себин жүктөп, мал айдап,
Курманжанды Алымбек даткага беришти.
Экөө тең мыкты жан экен,
Акылгөйлүү теңтуш бирине-бири пар экен.
Жыйырма тогуз жыл бирге жашашып,
Беш перзенттүү болушкан.
Кастарлап каада-салт менен.
Аттарын Камчыбек, Адылбек, Батырбек, Асанбек деп койушкан.
Даанышман, айкөл эл камын дайым көрүшүп
Экөө тең эл ичинен Датка деген атка конушкан.
Топук кылып жашап жатканда,
Кокондон чыккан коогалаң,
Алымбек датка жөн жатпай, ал ооданга жөнөдү,
Жоокерден копту ал десе,
Кунманжандын сөзүнө көңүл бөлбөдү.
Эми кандай болот деп, санаасы санга бөлүндү.
Ар кандай жаман нерсеге көңүлү бөлүндү,
Көрө албаган душмандар амалын таап Датканын,
Башы кокондон кыйылды,
Эмне деп айтаарын биле албай,
Курманжандын күлкүсү тыйылды.
Даткасынан ажырап туркугу анын кыйылды.
Бирок, Курманжан карап турган жок.
Айын-ушак сөздөргө көңүлүн дагы бурган жок.
Датка өлсө, артында турат беш датка,
Даткалыкты колго алып, башкага берген жок.
Башкарып элин-журтун сактады,
Акылынан, айбатынан тайбады.
Эли-жерим, беш балам Датка үчүн деп,
Ичинен ант берип, Датканын ишин баштады.
Элин-журтун сактайм деп,
Кайгыга башым салбайм деп,
Ар кандай маанилүү иштерге,
Өтөөсүнө чыкпастан, арасат жолдо калбайм деп,
Орустун генералы Скобелевге келгенде,
Ал элпек күтүп, «Кара кыргыз Ханикеси» деп аталды.

Курманжан шартнаама менен келет, Скобелев окуп кол коет. Курманжан ыраазычылыгын билдирип, улугум каны бир кыргызымды таштаганым, жети ачкычты таштаганым-жети шаарлуу Коконду өзүнүзгө тапшырганым. Эми мага атак даңк зарыл эмес улугум. Ыйык шартнаамага ылайык, журтум тынч болсо деп гана тилеймин.

Бул атактын урматына даткага,
Алтын чөйчөк, кооз чапан орус генералынан жабылды.
Баласы Камчыбегине жалган жалаа жабылып,
Душман деп күнөө тагылып,
Камчыбектин мойнуна душман тарабынан
Сыйыртмагы салынды, дарга мойнунан асылды.
Кыл аркан үзүлүп кетти ошондо,
Баламдын иши ак, өлүм бир, жаза бир деди кыйкырып,
Ал кыйкырыкка душман көңүлүн бөлбөдү,
Кымындай да аёо болбоду.
Бастырып келип дарча жанына
Балам «жашыба» душманын сөз кылбайбы,
Насаатын кылды муңайба.
Элиң, кыргызың турат артыңда.
Атаганат оомал-төкмөл дүнүйө,
Күбүрөндү ичинен бир нерсе деп күйүнө.
Билдирбестен ичинен түтөп турса да,
Атына салып камчыны, кетти үйүнө.
Айласы кетти маң болуп,
Не дээрин билбей дал болуп,
Жүрөгү турду тилинип,
Кыдырата элин бир карап, тим болду.
Эне байкуштун заманасы заң болду,
Элин карап дал болду.
Бастырып кетти боз атты,
Ичинен келмесин айтып тим болду.
Бүлүктү салбайм элиме
Кан төктүрбөйм жериме,
Камчыбегим балам деп,
Жарагы жок, огу жок,
Эл-жеримди аттырбаймын кегине.
Камчыны салып атына,
Бастырып кетти шашыла.
Турса да ичтен кан өтүп,
Төгүлсө да жашы көзүнөн,
Көрсөтпөдү душманына кериле.

Элим деп туулуп жаралгам,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Жерим деп тууну, даткалыкты колго алгам.
Башыма түшсө мүшкүл иш,
Кыргызым – элим турат карманган.

Жүрөгүм турса тилинип,
Балам деп турсам илинип,
Элиме салып бүлгүндү,
Душмандар чаппасын жерим бүлдүрүп.

Даткайым эч нерсеге көңүл бурбады.
Кабыргасына кеңешип элим деп турганы.
Кандай күн башка түшсө да,
Башымды чаап кетсе да,
Бул сөзүнөн кайра тартпады.

Барандуу, нооча жан эле,
Акылман, айкөл, сулуулугу да бар эле.
Бир сүйлөгөн сөзүнөн кайтпаган,
Алаамат келип турса да, ийилип башын ийбеген,
Арстандай айбаттуу, аял болсо да баатырдыгы бар эле.
Датка сөзунөн кайтпаган, эли-жери үчүн баласы курмандыка чалынып, эч качан ийилбеген Курманжан.

Кээ бири турду шыпшынып,
Көз алдынан сынашып,
Байтал жүгүрүп байге албайт,
Кантет эми, жатпайбы үйдө сыйынып,
Анткени даткадан кийин датка болуп,
Кантип башкарат деп күйүгүп,
Аял болсо да, акылы тунук жан эле,
Тайманбай жолго чыккан дейт.
Тил табышып орус төбөлдөрүнө,
Акылы, даанышмандыгы менен жаккан дейт.
Элчилик да кызмат аткарып,
Эки элдин башын коштуруп,
Эли-жерин калкалап,
Эл-жерине жаккан дейт.

Айбаты болгон башкача,
Баласын дарга асса да,
Кылкылдаган элдин көзүнчө,
Өлүмгө тике кара деп,
Көзүнөн жашы тамса да,
Билдирбестен көз жашты,
Аттын башын буруп,
Үйүн көздөй кеткен дейт.
Болору эми болду деп,
Душмандын баесу эми канды деп
Эл-жерим аман болсун деп.
Ичинен айтып тилекти, башты бийик көтөрүп,
Бастырып атын кеткен дейт.

Көргөн көзгө ишенбей,
Ишенсе да кыялбады өлүмгө.
Бирок, балам десем күйүнүп,
Эл-журтум калат бүлүнүп,
Алакандай кыргызым окко учат бүлүнүп,
Табасы канып душмандын,
Ок атпайбы суйунуп.
Араң эле турушат атабыз деп жулунуп,
Өчөшүп байге таппаймын,
Акыл менен жол издеп,
Мен да бекер жатпаймын деп ичинен,
Ант берген экен өзүнө.
Элинин камын ойлогон Курманжан датка,
Айкөл, эр көкүрөк жан экен,
Алымбек даткага бап экен.
Эриш-аркак болушуп,
Элинин камын көрүшүп,
Акыл калчап, ак сүйлөп,
Сөздүн да салтын бөлүшүп,
Алай элин кыргызды,
Душманына чаптырбай,
Душманына жерин бастырбай,
Даткасынын, баласынын арбагына,
Аман-эсен элин алып калган дейт.
Айкөлдүк, акылмандык жай менен,
Элине датка болуп узак жашап,
Эл батасын алган дейт.
Аялдан чыккан асыл жан,
Даткага теңдеш асыл жар.
Биригип түтүн булатып,
Эл жерин бирдей баккандар.
Батасын элдин алышып,
Бактылуу жашап жаткандар.
Алайдан чыккан даткалар,
Ардактап эли-жерин баккандар.
Ичине толуп кайгы ызасы,
Жүрөгүн кайгы баскандар.
Өрнөктүү өмүр жолдору,
Тарых болуп калгандар.
Унутулбайт эч качан,
Кыргыз барда даткалар. Ошентип, даткалар акылы жасаган иштери өрнөктүү өмүр жолдору тарых болуп калган.

**Адабияттар:**


1. Осмонов О. Кыргыз тарыхы. - Бишкек, 2007-ж.
2. Джамгырчинов Б. Очерки политической истории Киргизии XIX в. - Москва, 1966.
3. Хасанов А.Х. Народные движения в Киргизии в период Кокандского ханства. - Москва, 1977.
4. Султанова А.Т. Курманжан датка – феноменальная личность в истории Кыргызстана. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2015. №. 12. С. 137-139.
5. Жумабай У.М., Акпарова А.Т. Политическая деятельность Алымбек датки и Курманжан датки в целях создания кыргызской государственности. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2015. №. 12. С. 157-159